| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЧҮЙ ОБЛАСТЫ**<br>**СОКУЛУК РАЙОНУ**<br>**ПЕРВОМАЙСКИЙ АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН**<br>**ПЕРВОМАЙСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ** |

**ТОКТОМ**
**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

24-январь 2024ж № 1/2 Первомайское айылы

## Жергиликтүү бюджеттин аткарылышы боюнча отчетун бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин негизинде жана Первомайский айыл өкмөтүнүн башчысы Э.О.Сартпаевдин 2023- жылдын 12 айынын жыйынтыгы боюнча жергиликтүү бюджеттин кирешелеринин жана чыгашаларынын аткарылышын угуп жана талкуулап чыгып, айылдык кенештин XXVIII чакырылышы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Первомайский айыл өкмөтүнүн башчысы Э.О Сартпаевдин отчету төмөнкү көрсөткүчтөр боюнча бекитилсин:

-2023-жылдын 12 айына карата бюджеттик эсеп боюнча бюджеттин киреше бөлүгү такталган план менен 19336,3 мин сом түздү, башкача айтканда:

- 2023-жылдын жыйынтыгында бардык кирешелер жана чыгашалар атайын каражаттарды, тендөөчү гранттарды, максаттуу гранттарды эсепке алуу менен бектилген план боюнча 17227,9 мин сом, атайын каражаттарды эсепке албаганда 15797,4 мин сом

- 2023-жылдын 1-январына карата бюджет боюнча эркин калдык (свободный остаток) 2108,4 мин сом.

2. 2023-жылдын жыйынтыгы менен Первомайский айыл өкмөтүнүн киреше бөлүгү, атайын каражаттарды, тендөөчү гранттарды, максаттуу гранттарды эсепке албаганда план боюнча 7156,2 мин сом болсо, аткарылышы 8532,1 мин сом болуп, 119,2% ашыкча аткарылып, 1375,9 мин сомду түздү.

3. 2023-жылдын жыйынтыгы менен бюджеттин чыгаша бөлүгү такталган план боюнча аткарылышы 18473,2 мин сомду түздү. Анын ичинен:

70111-аппарат бөлүмүнө – 6467,9 мин сом;
70629 - ТЖКЧ бөлүмүнө – 3507,7 мин сом;
70911 – бала бакча бөлүмүнө – 2075,9;
70921 – мектептерге – 1330,4;
71092- социалдык камсыздоо бөлүмүнө – 549,7 мин сом;
Жана башка – 4541,6.

4. 2024-жылдын 1-январына карата эркин калдык:
- бюджеттик эсеп боюнча-2214,9 мин сом,
- атайын эсеп боюнча – 8,6 мин сом түздү.

5. Такталган план менен баардык салыктын түрлөрү, 2023-жылдын 1-январына карата баардык кирешелерди жана эркин калдыкты (свободный остаток) эске алуу менен, мындан тышкары бюджеттин чыгаша бөлүгүн бөлүмдөрү менен отчетко тиркелген түшүндүрмө катка ылайык бюджеттин аткарылышы бектилсин.

6. Баардык отчеттор жана тиркемелери менен Кыргыз Республикасынын Финасы министрлигин Сокулук районундагы финансы башкармалыгына берилсин.

7. Ушул токтомдун аткарылышы Первомайский айыл өкмөтүнүн Финансы экономикалык бөлүмүнүн башчысына жүктөлсүн.

8. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө туруктуу бюджеттик депутаттык комиссиянын төрагасы Борончу уулу Ниязбекке жүктөлсүн.

**Төрайым** **З.М. Кочкорова**